
А. СООРОНБАЕВ

# МЕНИН ЫРЫМ

M



АНАШ СООРОНБАЕВ

▲

# МЕНИН ЫРЫМ

ЫРЛАР

«МЕКТЕП» БАСМАСЫ ФРУНЗЕ — 1978

С(Кирг)
С 65

Сооронбаев Анаш

Менин ырым. Ырлар. [Жаштар үчүн] Ф., «Мектеп», 1978 ©

60 бет.

Акын Анаш Сооронбаев адабий чөйрөгө 1950-жылдардан бери аралашып, көптөгөн ырларды, аңгемелерди, публицистикалык макалаларды жаратты. Акындын «Тоо жели» аттуу алгачкы китеби 1977-жылы «Кыргызстан» басмасынан жарык көргөн.

Колуңуздардагы автордун экинчи жыйнагы, ар кайсы мезгилдерде жазылган тууган жер, өмүр, жаштык, мезгил жөнүндө жана туристтик жүрүштүк таасирлерден жаралган ырлары топтоштурулду.

С(Кирг)

С $\frac{73-017}{М\ 452\ (17)-78}$ 223—78

© Издательство «Мектеп», 1978 г.

## ТАМЫРЫМ ЖЕРДЕ

Куралып назик сезим учкундары,
Уланып ой кыялдын учкулдары.
Чыгарып мени бийик кыл чокуга
Күч берип турушкансыйт толкундары.

Ансайын кайрат байлап шерденемин,
Кыялга терең батып термелемин.
Асманга канат жасап учкан менен
Тартылуу күчүм жашайт жерде менин.

Андыктан жерге дайым таазим кылам,
Артыма кылчак-кылчак карап улам.
Башкасын айтпасам да түшүнүктүү,
Баары бир көздү жумсам жерде калам.

## ОКТЯБРЬ ШАҢЫ

Күндөр өтсө алга жылат,
Бул турмуштун кемеси.
Көз алдыга келе калат,

Коммунизм элеси.
Жашоо эрки
Элдин энчи.
Гүл өлкөмдүн
Көркүн көрчү —
Өргө тартып өнүп-өсүп бараткан.
Ушул биздин баскан жол,
Улуу Ленин ачкан жол
Бүт дүйнөнү таңыркатып караткан.

Жер шарына нурун чачып
Ильич жаккан шамдары.
Кадамыбыз биздин ар бир
Максаттарга арналуу.
Шыктандырган
Жеңиштерге.
Биримдик күч,
Биздин элде
Октябрдын шаңы менен таң аткан.
Күндө күчөп арымы,
Күндөй тийип жарыгы
Зор Мекеним кандай учкул канатчан!

Кимдер бизге суктанбасын,
Достук отун жакпасын,
Кимдер бизге кол узатып,
Кимдер сырын айтпасын,
Биз аларды
Чын жүрөктөн,
Бек кубаттап,

Бир тилектен
Коммунисттик достук колду сунабыз.
Ишенимге шиpетип мол,
Ийгиликке көрсөтүп жол,
Айткан сөздүн өтөсүнө чыгабыз.

Алтымыш жыл, алтымыш жыл,
Бул тарыхта калчу жыл.
Күч албай талбай иштеп,
Күндө мөөрөй алчу жыл.
Сапат үчүн
Күрөш артып,
Жеңиштердин
Күүсүн тартып,
Алга карай барчу жыл.
Гүлдөтүүгө эл-жеримди,
Күжүрмөндүк эмгегиңди,
чын жүрөктөн тартуу кыл!

Ким билбесин мындан эчак,
Алтымыш жыл илгери.
Улуу Ленин жаратканын
Ушул жаңы дүйнөнү.
Кеңеш куруп
Кедей-жалчы,
Жумушчулар
Баары жалпы
Биригишип азат туусун көтөргөн.
Эркин эмгек жолун жактап,
Эркиндик деп зарлап какшап,
Эңсеп жүргөн эл тилеги өтөлгөн.

Мына ошондо Ленин баштап,
Эмгекчи элин шыктантып.
Большевиктер партиясын
Өз жанына бек тартып,
Акыйкатчыл заман үчүн
Талыкпастан
Жумшап күчүн,
Уйку көрбөй күнү-түнү күрөшкөн.
Анын улуу эрдигине
Алып берген теңдигине,
Эмгекчи эл алкыш айткан жүрөктөн.

Октябрдын жеңиши үчүн,
Канча кандар төгүлдү.
Ооба, ооба анын баары,
Чындык эмей төгүнбү!
Ойлоп көрчү
Өткөн күндү.
Сезилгенсийт
Өтө сүрдүү
Титиретип жүрөктөрдү кабынан.
Түбөлүктүү сынбас Чынар,
Айлансаң да аздык кылар,
Асыл сапат алп жумушчу табынан.

Ачтык чындап көзүбүздү,
Октябрдын таңында.
Сөздөр жеткис маани жатат
Октябрдын шаңында.
Эл да жаңы,

Жер да жаңы
Алыс кетип
Турмуш шары
Өзгөрүш чоң баарында.
Замананын деминде,
Арбып жакшы демилге,
Азамат көп алдыңкылар сабында.

Кең Мекендин уч-кыйрына,
Эгер көрсөк көз кадап.
Жаңы келген жаз күнүндөй,
Жагалданат туш тарап.
Көтөрүлүп көңүл куунак
Көңүл куунак.
Көп улуттуу
Калкым жыргап.
Биримдиги улам артып чыңалган.
Бекем достук элимдин,
Куту болуп жеримдин,
Кан төгүлгөн майдандарда сыналган.

Даңкы чыгып Планетке,
Дагы өркүндөйт Мекеним.
Мекен деген сөздү укканда
Мен толкундап кетемин.
Орундалып
Күткөн тилек.
Татаалдыкты
Талбай жиреп.
Алдыдагы максаттарга жетемин.
Бирок дагы эстен чыкпай,

Ойлой калсам жүрөк сыздай,
Көзгө элестеп өткөн күндөр кечегим.

Анда Мекен ыйлап жаткан,
Кайгы түшүп башына.
Каршы келген азап-тозок,
Кары дебей жашына.
Кан ичкичтер
Каптап кирип,
Салган бүлүк,
Атып, кырып, асып кыйнап элимди.
Мына ошондо Совет калкы,
Көтөрүлгөн баары жалпы,
Фашисттерден коргоо үчүн жеримди.

Ата Журттун булуң-бурчу,
Кан майданга айланып,
Антсе дагы жан-дилибиз
Ишенимге байланып.
Ажырабай
Акыл-эстен
Душманга түк
Сыр бербестен,
Салгылаштык ыйык тутуп Мекенди.
Мына ошондо Совет калкы,
Бекем туруп баары жалпы
Ажал чачкан согуш жүгүн көтөргөн.

Төрт жыл бою өлчөмү жок,
Кандар акты тыйылбай.
Аны бирок жырткыч душман,

Көргөнү жок тыйындай.
Кор тутушуп
Адамдарды
Адамдыктан
Алар чыкты,
Айбанчылык жоруктарды жасашып.
Салтын тепсеп өзгөнүн,
Мактап кирди өздөрүн,
«Дүйнөдөгү таза элбиз» деп аташып.

Бирок дагы тизе бүкпөй
Биздин баатыр элибиз.
Душман салган зор бүлгүнгө,
Майышкан жок белибиз.
Бирдей көрүп
Барды, жокту,
Уюштуруп
Улуу сокку,
Жеңип чыктык фашизмди талкалап.
Жеңиш күнүн белгилеп,
Жеңиш туусу желбиреп,
Өлкөбүздө өкүм сүрдү салтанат.

Биздин ошол жеңиштерге,
Компартия дем берген.
Сактап калды элибизди
Нечен кыйын күндөрдөн.
Жашап жаткан
Жер жүзүндө,
Адамзаттын

Биздин күчкө,
Тең келер күч табылбас.
Ушундайбыз, ушундайбыз,
Уккан душман жаагың бас!

Аврораның алп үндөрү
Кайталанып жаңырып,
Угулгансыйт көздөн өтүп,
Сан элестер агылып.
Көлдөй чалкып,
Көңүл жаркып,
Жер дүңгүрөп,
Жеңиш артып
Өлкөбүздө өлчөм жеткис салтанат.
Душмандарын ардантып,
Совет элин шаңдантып,
Компартия жеңиштерге алпарат!

## БИЗДИН КҮНДӨР

Өкүнбө,
Бул күндөрдүн жыргалы көп,
Өмүрдө
Ырдап бүткүс ырлары көп.
Бакытты,
Башыбызга жыкжыймалап,
Андыктан
Баратабыз илгерилеп.

О досум,
Бул күндөрдүн баркы кымбат,
Жаңыча,
Мазмундагы салты кымбат.
Лениндик
Партиянын кең жолунда,
Өсүүдө
Элим кубанып, элим жыргап.

О курбум,
Бул күндөрдүн сыры терең,
Олтуруп,
Ой жүгүртсөң чыны менен.
Дүйнөнүн,
Дүңүн бүгүн дүңгүрөттүк,
Даңкы зор
Жыйырманчы кылым менен!!!

## НАСААТ

*(Аалыны туурап)*

Адамдыгың эмине,
Абийриң сактай билбесең.
Адашасың турмуштан,
Айткан тилге кирбесең.

Бирге жашап эмине,
Жарыңды чындап сүйбөсөң.
От казаның тутанбайт,
Обу жок орой сүйлөсөң.

Сулуулугуң кандайча,
Суктандыра билбесең.
Жеталбайсың муратка,
Жакшы менен жүрбөсөң.

## КЫЯЛКЕЧ

Кылыгың эстеп кыялкеч сени сагындым,
Жарпымды жазар жалындуу күчкө багындым.
Түк эстен кетпес түбөлүк элес калтырар,
Жаркыны ушул тайманбас жаштык чагындын.

Кызыгы кымбат кылыктуу сенин кыялың,
Жүзүңдөн дайым шаттыктын изин туямын.
Бактыма менин балбылдап жанган таалайым,
Баркыңды сенин башкага кантип кыямын.

Өзгөнү коюп өзүң деп согот жүрөгүм,
Сенсиз мен кантип коңулум жаркып күлөмүн.
Келечек үчүн чечилер күндү шерт кылып,
Келечек үчүн өзүңдү болжоп жүрөмүн.

## УНУТПА МЕНИ

Уктатпа мени тагдырым мезгилден мурун,
Аткара турган ишим көп.
Кечирдим баштан эң оҗор турмуштун сырын,
Саргайып кээде болуп чоп.

Көксогөн тилектерим чындыкка ашып,
Көрөйүн өмүр үзүрүн.
Көрбөйлү достор шыркырап кызыл кан аккан,
Кайгылуу күндүн үзүмүн!

Жеңиштүү жана жемиштүү болсун деп самайм,
Өмүрүмдүн күздөрү.
Азаттуу күндөн кийинки тапкан бактыма,
Тийбесин душман көздөрү!

# НАМАНГАН ВАЛЬСЫ

Эй досум көрдүң беле Наманганды,
Сөз жеткис сулуулуктан бүткөн шаарды.
Аралап көп жерлерин көрсөм дагы,
Кантейин көз кумарым канбай калды.

Ээ досум болдуң беле Намангaнда,
Желаргы атыр чачкан жазгы баарда.
Өзүңдү бир башкача сезгенсийсиң,
Чай ичип чайханада олтурганда.

Намангандын гүлдөрү жыттуу экен,
Ыр-бийлерге кыздары шыктуу экен.
Шаттык күлкү жараткан жаштарынын,
Эмгектерде сыналган эрки бекем.

Кайра да Наманганды көргүм келет,
Кайра да Наманганда болгум келет.
Элинин меймандостук мээриминен,
Мен шаарды жакшы көрүп калсам керек!

## САМАЙМЫН

Самаймын түбөлүккө тынчтык күндү,
Самаймын адамдагы аппак дилди.
Самаймын жан жыргатар жыттуу гүлдү,
Самаймын ак чөлмөктүү аппак түндү.

Самаймын жашоодогу бийиктикти,
Самаймын сезимдердин тазалыгын.
Самаймын акыйкаттуу улуу күчтү,
Самаймын жазгырылбас турмуш чынын.

Самаймын уч-кыйырсыз мейкиндикти,
Самаймын айкөлдүктү, тереңдикти.
Самаймын дүйнөдөгү бүт теңдикти,
Самаймын адамдарга кенендикти.

## МАГА КУБАТ

О досторум, мен өзүңдө жашап келем,
Кубаттуу заманамдын деми менен.
Жолуңдан жаңылба деп баштан сылайт,
Пейли кең Ата Журтум, ак чач энем!

Турмушка ыраазымын сезим менен,
Кубанычтан жүрөк толкуп балкыйт денем
Сенден чет башка жакта туулганда,
Мынчалык бак-таалайлуу болот белем?!

Мен алдым ченеми жок тарбияңды,
Ал дайым Ата Журтум, ак чач энем.
Ар дайым Ата Журтум, ак чач энем,
Бак каалап мага медер, мага кубат!

## ОКУУЧУНУН ЫРЫ

Таза, сылык сүйлөгөн,
Тарбияга үндөгөн.
Каныктырып ар ишке,
Канатымды күүлөгөн.
Акылы мол, оң кең,
Ал мугалим эжекем.

Сезимимди курчутуп,
Сергек кылып өстүргөн.
Терең берип билимди,
Тилегиме жеткирген.
Ал мугалим эжекем,
Алкыш айтам жүрөктөн!

Бой балкытып сөзүнө,
Ойду тартып өзүнө.
Келечектин сырларын,

Элестеткен көзүмө.
Ал мугалим эжекем,
Акыл кенчи анда экен.

Өрнөк берип ар качан,
Өз энемдей караган.
Жатык болуп өскүн деп,
Жакшылыкты самаган,
Ал мугалим эжекем,
Алкыш айтам жүрөктөн!

## КЫЯЛДАНЫП

Арыш таштап ааламдын бир четинен,
Куулөнүп бир четине өткүм келет.
Алдыга чындык деген байге койсо,
Ага мен эң биринчи жетким келет.

Аткарып мен адамдык милдетимди,
Айланып Күн шарынан өткүм келет.
Алдыма чиеленген суроо койсо,
Аны мен эң биринчи чечким келет.

Дүйнөгө мээрим төгүп ак дилимден,
Түгөнбөс таалай нурун сепким келет.
Ары жок ажал деген алааматты,
Көрүнсө көмөлөтө тепким келет!

# ЖАШТЫК КУРАК

Элестеп сени эңсеген жүрөк сагынып,
Көрсөм деп көксөп көпкө мен жүрдүм камыгып.
Бугумду жазып булуттан чыккан күнгө окшоп,
Балкыттың жаным бактыма өзүң табылып.

Каткырчы эми капамды жазып эркелеп,
Биздеги сүйүү гүлү бүр ачсын эртерээк.
Армансыз ойноп, көңүлдүн черин жазалы,
Ансыз да өзү адамга жашоо бир келет.

Жүрчү эми бирге жүрөктүн сүйгөн ынагы,
Бий бийлеп биз да бар кумардан чыгалы.
Баарынан сүйкүм, баарынан кымбат баа жектис,
Адамдын ушул алтындай жаштык курагы!

# АВТОМАТЧАН ЖАШ СОЛДАТ

*(1941—1945-жылдарда Германдык фашизмге каршы күрөштө курман болушкан Советтик жоокерлерге арналып, Пловдив шаарында тургузулган эстеликке)*

Автоматын бекем кармап,
Бекем кармап кош колдоп.
Душманына сүрдүү карап,
Турат ойлуу жаш солдат.

Көрүп аны эске түшөт,
Өткөн күндөр кечээги...

Өлүм менен алмашылган,
Өмүрлөрдүн нечени.

Кыз сүйө элек кыл муруттуу,
Кырчын жаштан кыйылган.
Баш алынып, аккан күндөр,
Агын суудай туюлган.

Ушуларды таш эстелик,
Сүйлөгөнсүйт күңгүрөп.
Угулгансыйт замбиректин
Аткан үнү дүңгүрөп.

Угулгансыйт бомба таштап,
Самолеттун учканы.
Бараткансыйт душманды куул,
Балбан Совет танктары.

Жакын жерден чыккан оңдуу,
Катюшанын добушу.
Көз алдыга бүт элестейт,
Кандуу кыргын согушуу.

Бош катарга айла таппай,
Фашисттердин качканы.
Акырында канкор Гитлер,
Өзүн-өзү атканы...

...Ушулардын баары элестеп,
Баары элестеп көзүңө.

Ээ болосуң бир заматта,
Эң бир ыйык сезимге!..

Автоматын бекем кармап,
Бекем кармап кош колдоп.
Душманына сүрдүү карап,
Турат ойлуу жаш солдат...

## МЕНИН ДООРУМ

Доорум мага билим берди, сөз берди,
Ак, караны айра бил деп көз берди.
Заманамдын улуулугун, марттыгын,
Даңазалап айта турган кез келди.

Менин доорум — бийиктердин бийиги,
Бир токтобой чимирилген ийиги.
Жүрөгүмдөн, чын дилимден алкыштап,
Мен биринчи сага бергем сүйүүмдү.

Менин доорум — толук жигит курагы,
Асман, айга колу жеткен убагы.
Акыл, оюн жетилдирсең өстүрүп,
Акын балаң ыр курабай турабы!

Жерде жашап, космос сырын ырдаган,
Менин доорум — акындардын ордосу.
Айды чапчып, күндү чапчып зуулаган,
Менин доорум — акылдардын ордосу!

## ЭЛИМ МЕНИН

Элим менин ченем жеткис мунарам,
Кылым бойлоп кетет анын тамыры.
Керек болсо жанды курман кыла алам,
Жат душманга болбойт менде багынуу.

Элим менин түбөлүктүү түркүгүм,
Жакшы болсом колтугуна сыямын.
Жаман болсом көрөр күнүм не болот?
Тирүүлүгүм кимге колко кыламын!

## СӨЗ КАДЫРЫ

Сөзүнөн адам таанылат,
Сөзүнөн адам жаңылат.
Турмуштан калат сүрүлүп,
Турбаса өзүн жаңылап.

Жакшы сөз жанды жыргатат,
Жаман сөз сөөк сыздатат.
Кесирлүү сөздү көп айтып,
Кээ бирөө көңүл муздатат.

Жакшы сөз жарым ырыс деп,
Жаман сөздү унут деп.
Карылар мурас калтырган,
Чынында булар улуу кеп.
Аталар айткан улуу сөз —
Аларды бийик сактайлы!

## ОН БЕШ БИР ТУУГАН

Бир максатка бир адамдай умтулган,
Колдорунан чөл көгөрүп кулпурган.
Ою тунук баскан жолу жапжарык,
Орошон журт ошол он беш бир тууган.

Күндү сермеп, айды сермеп умтулган,
Өркөнү өсүп, орүштөрү кулпурган.
Өрнөк болуп бүт дүйнөнүн элине,
Өсүп-өнүп бардык он беш бир тууган.

Бир-бирине боордоштук кол сунган,
Душман келсе ага каршы бир турган.
Коммунизм төрүн көздөй адымдап,
Кол кармашып барат он беш бир тууган!

## КОММУНИЗМ ТӨРҮН КАРАП

Атайы көз жиберип карап көрсөм,
Саат сайын өсүп барат менин өлкөм.
Менин өлкөм,
Чексиз көркөм,
Аткени улуу Октябрь нурун төккөн.

Байлыгы тоо суусундай толкуп ташкан,
Бактылуу баатыр элим алга баскан.
Алга баскан,
Туш-туш жактан,
Шаңдантып зор жеңиштин күүсүн тарткан.

Болоттой күчүн чыңап талыкпастан,
Ал тигил жумушчулар иштеп жаткан.
Иштеп жаткан,
Тайманбастан,
Түгөнгүс эмгегинен таалай тапкан.

Тынчтыктын кучагында жыргап элим,
Мынакей гүл оронду менин элим.
Менин элим,
Өнүккөнүн,
Таамайлап сүрөттөргө жетпейт сөзүм!

Ар дайым тынчтык жолун бекем жактап
Акылман Компартия бизди баштап.
Бизди баштап,
Бара жатат,
Келечек коммунизм төрүн карап!

## ДООРУМДУН ИЛЕБИ

Доорумдун шарданасы алыс кетип.
Көзүмө көп нерселер элестетип.
Укпаган укмуштарга алып барат,
Сезимди жаңылыкка жетелетип.

Доорумдун шарданасы алыс кетип,
Жомокту көз алдыга элестетип.
Жол баштап компартия улам алга
Жаңыча маселени жатат чечип!

# БОЛБОСУН СОГУШ

Анда согуш...
Бир сындырым нан таппай
Кандай гана каржалышты адамдар.
Ошентсе да тирүүчүлүк тынч жатпай
Мезгил жандап
Токтолбоду кадамдар.

Анда согуш...
Жаштык черди таркатпай...
Кирпик какпай.
Узатчубуз түндөрдү.
Ошентсе да
Үмүт бизге кылчактай
Биз күткөнбүз
Жеңиш келер күндөрдү.

Анда согуш...
Күлкү даамын биз татпай.
Жүрөк сыздап
Чеккен куунак көңүлдөр.
Добул соккон
Жаздагы көк мөмөдөй
Окко кетти
Мөлтүрөгөн өмүрлөр.

Ошол согуш
Ошо бойдон келбесин!
Күндөр гүлдөп,

Өмүр суудай соолубай.
Ак сакалын
Жаш жуубасын атанын
Энелердин
Эт жүрөгү оорубай...

## РОЗАЛАР АЧЫЛГАНДА

Гүлдөр тегиз ачылганда,
Күткүм келбей азырак.
Көздөгөн зор максатыма,
Жетсем деймин батырак.

Күндүн нуру тийген кезде,
Тийген кезде чачырап.
Мендеги бүт сезим күчү
Роза болуп ачылат.

## ӨЗБЕК КЫЗЫНА

Карагымды келтирет карагымды,
Карагаттай көздөрүң балбылдаган.
Кабыл алчы саламымды карындаш,
Көз ирмөөңө бир жолу кансын дабам.

Жылмайып кой, сүйкүмдүү жылмайып кой,
Ал жылмаюу жүрөккө кубат болсун,
Өзүңдү көргөн сайын жыйналат ой,
Көңүлүм көтөрүлүп чубак болсун.

Каштарыңдын кагышы каштарыңдын,
Карасам чабалекей канатындай.
Ишенсең сен жылдызы асманымдын,
Имерсем жарым болуп каласыңбы ай!

Же кокус теңи болбой жаш жанымдын —
Өзөкко өрт-жалынды саласыңбы ай?!

## КАЗАК ЭЛИ БИР ТУУГАН

Калайыкка шаңы бар,
Казак эли таанымал.
Кыргызыма чынында,
Кыйла окшоштук жагы бар.

Дайым бирге дилибиз,
Окшош эне тилибиз.
Байыртадан жакынбыз,
Бирибизге бирибиз.

Бизде сулуу Айчүрөк,
А силерде Кыз-Жибек.
Эрип кетээр көргөн жак
Болсо дагы муз жүрөк.

Бирдей максат оюбуз,
Бирге өтөт тоюбуз.
Өрүшүбүз жанаша,
Бир жайылат коюбуз.

Бирге чыгат күнүбүз,
Бирдей таңшыйт үнүбүз.
Бирге аттансак айбаттуу,
Душмандарга сүрүбүз.

Өсүү жолун бир көрүп,
Өркүндөдүк, гүлдөдүк.
Бир кылымга барабар,
Биз баскан жол күндөлүк.

Бөлөк-бөтөн дегишкис,
Энелештен эгизпиз.
Эзелтеден бер жакка,
Бирге жашап келипиз.

Калайыкка шаңы бар,
Казак эли таанымал.
Кыргызыма чынында,
Кыйла окшоштук жагы бар!

## МҮНӨЗҮМ

Карызга карайт сурабайм
Калп сөзгө такыр чыдабайм.
Сымаптай жүргөн кылтылдап
«Сынчыны» алыс кубалайм.

Бейдарек басып серпилбейм,
Байлыкка марып желпинбейм.
Ушундай менин мүнөзүм,
Урунуп көпко менсинбейм.

Ал жетер иштен тартынбайм,
Досумду жатка калтырбайм.
Касыма түндөй түнөрүп,
Элиме күндөй жаркылдайм!

## ЖАШТАР МАРШЫ

*(Хор)*

Эмгек менен күрөштөрдө сыналган,
Эрки күчтүү, айткан сөздө туура алган.
Жалын жүрөк, жаркын мүнөз жаштарбыз,
Кайраты артып, курч болоттой чыцалган.

К а й ы р м а:

Тапшырма бер партия,
Аткарабыз, талбайбыз.
Жеңиш туусун желпинтип,
Көкөлөтө кармайбыз.

Максат коюп, алга кадам таштаган,
Кыйын иштен, баш тартпаган, качпаган.
Мелдештерде жеңип чыгып, сыналып,
Биздин жаштар намысты бек сактаган.

К а й ы р м а:

Зор милдеттер шыктандырып чакырат,
Коммунизм куралы деп батырак.
Келечекке багыт берип дайыма,
Жол көрсөтөт Ильич нуру чачырап.

Кайырма:

Эмгек менен күрөштөрдө сыналган,
Эрки күчтүү, айткан сөздө тура алган.
Жалын жүрөк жаркын мүнөз жаштарбыз,
Кайраты артып, курч болоттой чыңалган.

Кайырма:

## КАРЫЗДАРМЫН

*(Осмонбеков атындагы мектептин 50 жылдыгына арналат)*

Көгорттүң, өстүрдүң, жетилттиң,
Балалык мезгилден артылтып.
Көз ачып өзүңдөн телчиктим,
Татаалдык кездешсе багынтып.
Ар убак эсимден кетпедиң,
Мектебим, мектебим, мектебим.

Үйрөттүң турмушту таанытып,
Сезимдер бүчүрлөп гүлдөдү.
Дагы эле жаңырат кулакта,
Кагылган коңгуроо үндөрү.
Энемсиң, атамсың сен менин,
Мектебим, мектебим, мектебим.

Ыйласам мээримдүү соороттуң,
Мокосом миз улап курчуттуң.

Мен үчүн баа жеткис кам көрүп,
Мени сен максатка умтулттуң.
Түбөлүк мен карызмын, эстегин,
Мектебим, мектебим, мектебим.

Суу бердиң тамырым жашартып,
Шак ийип мөмөлөп көктөдүм.
От койдуң билигим тамызып,
Тутанып келатам, өчпөдүм.
Элүүгө эмес, элүү миң жашка чык,
Мектебим, мектебим, мектебим.

## ДАЙЫМ ЧЫНДЫК ДИЛИМДЕ

Жокту кантип бар деймин,
Уят болуп жүрбөймүн.
Жанымды жек жалган сүйлөп,
Эл алдында күйбөймүн.

Чындык үчүн жаралгамын,
Мен чындыкты сүйлөймүн.
Чырпыктарым чынар болуп,
Чындык менен гүлдөймүн.

# БАКЫТ ДООРУ

Бул жылдардын түйшүгү башка белем,
Өткөнгө салыштырып ойлоп келем.
Чексиз кенен,
Арым менен,
Баратат турмуш көчү алга кетип,
Улам жаңы ачылышты элестетип.

Ашыгышат жүрөктөр дүк-дүк кагып,
Алоолонот үмүттөр өчүп-жанып.
Акылдар дооран сүрүп баарын жеңип,
Баратат багыт алган жолдор кеңип.

Ал жолдор түбөлүктүү бакыт жолу,
Партия шыктандырып жетектеген.
Ал доор — коммунизм бакыт доору,
Ааламды жарык кылган нуру менен!

# КЕЛЕР КҮНДӨР

Жаңырып келер күндөр, кетер күндөр,
Айтылар ал күндөрдүн санжырасы.
Согушсуз тынчтыкта өстү соңку өмүрлөр.

Жаңырып келер күндөр, кетер күндөр,
Табылып дагы нечен ойдо жоктор.
Турмушта боло берет өзгөрүүлөр,
Дайыма кайталанат ыр-жомоктор.

Жаңырып келер күндөр, кетер күндөр,
Акылдан далай иштер жаратылар.
Айкашып турмуш менен таттуу үмүттөр,
Ааламга таалай нуру таратылар.

Жаңырып келер күндөр, кетер күндөр,
Жоктордун орду кайра толукталар.
Бир кезде кадимкидей адам жашап,
Ай дагы жер сыяктуу болуп калар...

## КЫЯЛЫМДА

Мен ырлардын толкунуна урунсам,
Көңүл кушу алып-учуп көкөлөйт.
Акындардын айылына бурулсам,
Анда ойлорум Гамзатовго жетелейт.

Улуу акын кайра тартып жөнөрдө,
Аалыкеме салам айта баргын дейт.
Таасирленсе талантыңа өбөлгө,
Алыкулдан арбын сабак алгын дейт!

## БОЛЖОП БОЛБОС

Болжоп болбос бир кырсыкка кабылып,
Бир жигиттин оту өчтү күйбөстөн.
Жаш күнүнөн ачык жүрбөй жабыгып,
Өтүп кетти ак селкисин сүйбөстөн.

Бардыгынан өңдүү, түстүү жан элё,
Бакыт учту ал сулуунун колунан.
Тигил жигит сүйүп жүргөн жары эле,
Азан чекти мйлап-сыктап соңунан.

Кээде тагдыр өкүнүчтүү, кайгылуу,
Муңкандырат максатыңа жеткирбей.
Учур өттү... көп да болбос кайгыруу,
Эми өзүңдү карма сулуу өчкирбей.
Дайым күлүп-жайнап турса эмине,
Жаш адамдын өмүрүнө кеч кирбей!..

## ТАЛАНТ КЕНЧИН БҮЛҮНДҮРҮП АЛБАЙЛЫ

Эски өмүрлөр жаңысына уланып,
Биз келебиз мезгилдерге сыналып.
Кээ бирибиз оолактасак турмуштан,
Кээ бирибиз эргип кайра чыңалып.
Бакыт кенчи башка келип турган чак,
Гүлгүн жаштык гүлкайырдай буралып.

Жакшы идея жаңылыкка кыналып,
Өркүндөөдө менин доорум, бул анык.
Кээ бирибиз жогорулап баратсак,
Кээ бирибиз ырдап ылдый куланып.
Аша тоюп калуудабыз уятка,
Адам деген атакты эстен чыгарып.

О курбулар, баскан жолду оңдойлу,
Бара жаткан багытты түз кармайлы.

Ушул чексиз ырыскыны күтө албай,
Замананын жемесине калбайлы.
Татыктуу ишти эми тартуу кыларда,
Талант кенчин бүлүндүрүп албайлы!

* * *

Аралайт жүлүндү бир сезим,
Өткөн күн көңүлгө кылт этип.
Дайыма суу алчу коктудай,
Элесиң көрүнөт жылт этип.

Өткөн күн жүрөгүмдү мыжыгылап,
Оюмду түк өзүңдөн бөлө албадым.
Кыялың көңүлүмдү кытыгылап,
Сенсиз мен жалгыз жашап көналбадым.

## ӨМҮР

Жактырам жаштык доорун жалындаган,
Жаштыгын ким бар экен сагынбаган.
Ал учур бир өзүнчө керемет ээ,
Ар кандай алп күчтөргө багынбаган.

Жалындап жаштык өттү, жаштык өттү,
Жалбырттан жаштык оту жанып өчтү.
Кыялап кырктын кырын бара жатам,
Басар жол канча калды, аабы, көппү?!

Ким билет өмүрүнүн алды жагын,
Билсек го көрөр элек анын камын.
Кантсем да артымда из калтырууга,
Күч үрөп чамынганым, чамынганым...

## АРКЫТ

*«...Кыз сүйө элек кезимде,*
*Мен Аркытты сүйгөнмүн».*
***(Темиркулдан)***

Жай мезгилиң жаңы келген көктөмдөй,
Жер экенсиң жалаң көрктөн көктөмдөй.
Кылымдарга кетпесин деп жүзүңө,
Гапар ага көк боегун сүрткөндөй.

Жашыл токой жапырылат эккендей,
Көрк уругун бирөө сээп кеткендей.
Ышкым түшүп ырдайт белем Аркытым,
Жаратылыш сага койсо көрк бербей.

Атыңды угуп калем алып, учтуурак,
Далай акын сага келет ыр сурап.
Жүрөк козгор поэзия сенде экен,
Жолдон тосуп, коктуң сайын ыр чыгат!

Уялгандай койнуңду ачпай кымтылап,
Өз көркүңдү көрсөтпөйсүң тумчулап.
Дем алуучу жайга айланып жээктериң,
Биздин колдон, биздин доордо куллурат!

* * *

Ишиң түшсө жоймуланып жылмаңдап,
Өзгөрүлүп кээде кызык мүнөзүң.
Жасалма сөз сүйлөп коюп жалгандап.
Жагынгансып кыткылыктап күлөсүң.
Ит күлүгүн түлкү сүйбөйт сен болуп
Бирөөлөргө тузак тартып жүрөсүң!

# ОТТУ СҮЙГӨН АКЫНГА

*(Жолон Мамытовго)*

Отто туулуп, тоодо өскөн Жолон иним,
Сүйнөс бала чагыңдан оттуу сүйдүң.
Ардантып далай акын-булбулдарды,
Ыр жаздың талдап, иргеп сөздүн гүлүн.

Мара кылып көз жеткис мейкиндикти,
Алыскы мунарыкты багыттадың.
Аралап кереметтүү ыр дүйнөсүн,
Жеткирбей далайларга чабыттадың.

Көчөө эле жаш сезимди жетелеген,
Ойлоруң турмушка аиты чындык болуп
Жалыны далай жерге жарык берип,
Тутансын сен жаккан от алоолонуп.

Ал оттун түбөлүккө өчпөс табы,
Жылытар дагы канча жүрөктөрдү.

Умтулуп улам жаңы бийиктикке,
Унутпа ыр окушкан мүнөттөрдү!

## ОК ӨТПӨЙТ

Бери келчи ой ант ургун, ант ургун,
Мени копко жамандапсың сыртымдан.
Кытмыр күлүп кылыч мизин тозсоң да,
Айра албайсың адилеттик курчумдан.

Балга кошуп, мага сунуп мурчуңдан,
Билсем байкап жүрүпсүң сен сыртымдан.
Амал ойлоп атсаң мейли, ок өтпөйт,
Анткени мен —
Коммунисттик партиядан курчулгам!

## ДАЯР ТУРАМ

Эргүүлөргө дайым толо жүрөгүм,
Кубанычтар кучагына топтолуп.
Досторума күндөй ысык илебим,
Душманыма даяр турам октолуп!

## МЕЗГИЛДЕР ӨТТҮ БИЛИНБЕЙ

Мезгил өттү, мезгил өттү билинбей,
Көзгө илешип, кээде көзгө илинбей.
Кыйраткансып, кыйынсынып жүрөбүз,
Эске аларлык элге эмгек сиңирбей.

Мезгил өттү, мезгил өттү билинбей,
Жел сапырган кемегенин кулундөй.
Ойлор ойлоп, максаттарга умтулуп,
А мен жүрөм үмүттөрдөн түңүлбөй.

## АЛА-ТОО МЕНИН ЖҮРӨГҮМ

Ала-Тоо менин түнөгүм,
Ала-тоо менин жүрөгүм.
Ата-Журт үчүн керекке,
Жарайм деп жашап жүрөмүн.

Айтпаймын сөздүн төгүнүн,
Ала-Тоом сенде өмүрүм.
Ак мөңгүң көрүп алыстан,
Ачылып турат көңүлүм.

Туттурган турмуш илебин,
Туткамды сен деп билемин.
Алдыма койгон милдетиң,
Аткарсам деген тилегим.

Урпакмын сенде төрөлгөн,
Урматың көрүп көгөргөн.
Көз жоосун алган көркүңдү,
Көңүлгө бекем чөгөргөм.

Ырымдын сенсиң ыргагы,
Жашоомдун сенсиң жыргалы.

Өзүңдөй сүйкүм Эне-жер,
Дүйнөдө жоктур бир дагы.

Мүрөктүн сенде агышы,
Жүрөктүн сенде кагышы.
Башыңа кыйын иш түшсө,
Балаңдын бекем намысы!

## ҮМҮТ

Үмүттөрдүн чеги жок токтоп калар,
Арымы мезгилдерден канча күлүк.
Ансыз адам жансызга окшоп калар,
Максаты жок сөлөкөт өкүм сүрүп.

Үмүттөр улуу ишке шыктандырат,
Жок жерден жол көрсөтүп, канат жасап.
Мендеги ал сапаттар айтып турат;
Ойлоруң жарк деп бир күн турмушка ашат!

## НАРЫНЫМ

Ой Нарыным, Нарыным,
Жазда күчөп агымың.
Күз өтүп, кыш келгенде,
Неге чарчайт арымың!

Ой Нарыным, Нарыным,
Билем сенин салымың.
Агымыңан биз алдык,
Ата Ильичтин жарыгын.

Ой Нарыным, Нарыным,
Күчөй берсин агымың.
Бүт өлкөмө таралсын,
Сенин берген жарыгың!

## КАРАВАНДЫН АЛМАСЫ

Ак алма, апорт алма, кызыл алма,
Кызыгып быша электе үзүп алба.
Размарин, алтын пармен, симеренко,
Жегенде окшоп кетет даамы балга.
Алма бактуу Караван,
Атың элге тараган.
Атыр жыттуу абаңды,
Ар бир адам самаган.

Жаз келсе жер карайып, бактар бүрдөп,
Кулпуруп, көркүн ачып, алма гүлдөп.
Аралап бак ичинде басып жүрсөң,
Жүрөктүн черин жазат куштар үндөп.

Карвандын алмасы,
Таттуусунан тандачы.
Сыйлабады мени деп,
Кийин арман кылбачы.

Мөлтүрөп бышып турса моокуң канат,
Көргөндүн сугун тартып, тамшандырат.
Өстүрсө бардык жерге болбос беле,
Алмасын Каравандын атаганат!

Кыздар менен жарышып,
Кызыл алма тербесем!
Москвада досума,
Белек кылып бербесем!

## ЧАЛГЫЧЫЛАР

Жалп этип жаш чөптөр куланып,
Заматта калыңат суналып.
Шыртылдайт айбаттуу дабыштар,
Чалгылар кайрадан чыңалып.

Булчуңдар жазылып, түйүлүп,
Чөп чабат жигиттер биригип.
Суу сунса кылыктуу сулуу кыз,
Жүрөктөр энтелейт сүйүнүп.

Жашаңдуу чөп жыты буркурап,
Жапжашыл адырлар кулпурат.
Чалгыны кериле шилтешип,
Жигиттер мейкинге умтулат!!!

# КАЗАК ТАЛААСЫ

Барам жолдо, жеңил такси зырылдап,
Бет алдыдан шамал согот ырылдап.
Көктөм көркү көңүлүмдү көтөрүп,
Көмөкөйдөн күү кайрыймын кыңылдап.
Шофер жигит менден шайыр неме экен,
Ал аңгыча коё берди ыр ырдап.

Жаңырыктап Курмангазы күүлөрү,
Бир заматта жүрөгүмдү бийледи.
Алп сөздөрү чагылышып Абайдын.
Элестеттим качанкы өткөн дүйнөнү.
Кулагыма угулгансыйт эң назик,
Кыз Жибектин шыңгыр этип күлгөнү!

Кенен талаа. Уч-кыйры жок мунарык,
Шофер жигит жолдун көркүн чыгарып.
Айтып барат анекдоттун кызыгын.
Аңгемеден аңгемелер уланып,
А тигинде казак кызы келатат,
Кош чакага мөл булактан суу алып.

Күн да ачык. Асман тунук көгөрүп,
Баратабыз биз шаттыкка бөлөнүп.
Алды жакта чабан жүрөт кой жайып,
Алдына алган жаш баласын өңөрүп.
Наристеси бизге карай кол булгайт:
Атасы да башын ийкейт делөөрүп.

Кенен талаа кеңирсиген айланам
Тартып менин көз карегим байлаган.
Адыр-түзү ажайыпка чулганып,
Жыпар жыттуу кызгалдактар жайнаган.
Мезгил эле ошол учур май айы,
Мээ сергиткен ырчы булбул сайраган.

Далай жолдор артта калды карасам
Дагы жаңы шаар, кыштакка жанашам.
Көңүл эргип көзгө сүйкүм көрүнөт.
Баары сулуу, баары кымбат арашан,
Алеп-желеп жүрөк толкуп ой балкып,
Алматыны эңсеп кетип баратам!

## КЕТТИ КҮНДӨР

Кетти күндөр, кетти күндөр агылып,
Кеткен күндү кээде ойлоймм сагынып.
Мен элиме кызмат өтөп берейин,
Мезгилинден кечирээк кел карылык.

Кетти күндөр, кетти күндөр агылып,
Кеткен күндөр кайра келбейт табылып.
Талпынамын узак таштап үмүттү,
Тагдырыма калбас үчүн багынып.

## ӨЗ ЖОЛУМДА

Көздөр бар суук, мени коралбаган,
Кеп менен көңүл отун бөлө албаган.
Сөздөр бар мага каршы багытталган,
Жүзүмө тике карап сөгө албаган.

Адам бар арт жагымдан айтып узак,
Алдыма түшсө экен деп койгон тузак.
Бирок, мен ушакты укпай, тузакты аттап,
Баратам өз жолумда улам узап!!

## МЕНИН ЖОЛУМ

Менин жолум кепкенен,
Уч-кыйрына жок чеnem.
Узак басып талыкпай,
Билим алам эң терең,

Менин жолум жапжарык,
Окуйм, ойнойм шаттанып.
Көптү билсем канчалык,
Көнүгөмүн такшалып.

Менин жолум жаркырак,
Жанып турат жаркырап.
Ачык-айкын алды жак,
Анда ырыс, таалай-бак.

Менин жолум таптаза,
Көркөмдүгү башкача.
Ушул жолдун устаты,
Компартия көп жаша!

## ЭМГЕК МЕНЕН ДОСТОШТУМ

Эринчектик кетти менден сүрүлүп,
Аны менен түбөлүккө коштоштум.
Кайрат байлап билегимди түрүнүп,
Мен кайрадан эмгек менен достоштум.

Билип турам сезимимди ойготуп,
Эмгек гана ажарымды ачарын.
Кайда кеттиң, бас бери деп кол созуп,
А тигиде чакырышат катарым.

Кошула албай курбулар сабына,
Кур кол калып мен уялып жатамын.
Кайра-кайра тынчтык бербей жаныма,
Камчы үстүнө улам камчы басамын.

Уксаң курбум сөз айтамын ачып сыр,
Сен чочуба, бир кездеги досуң ал.
Чыгалбастан сазда жүрүп далай жыл,
Эми келдим катарыңа кошуп ал.

Ооба, курбум мен түшүнбөй жаңылдым,
Сабак алдым, ал адеттен арылдым.

Дал он беш жыл мындан мурда таштаган,
Каламымды, каламымды сагындым.

О каламым, сени менен табыштым,
Кайра жаңы ышкы отумду жагышкын.
Туура туткан багытымдан адашып,
Турмуш менен далай жолу кагыштым.

Адашкан соң адам болдум кайрадан,
Эми өзүңө мен түбөлүк байыр алам.
Кемчилигим өз көзүмө көрсөтүп,
Турмуш мени кайра түзөп кайраган.

Турмуш деген селден катуу агындын,
Туралбастан шарпынына кабылдым.
Мезгил зуулап так он беш жыл өткөн соң,
О каламым, кайра өзүмө табылдың!

## УШУЛ ТАҢДА

Ушул таңда мен өзгөчө эргидим,
Уйкум канып бир башкача сергидим.
Укмуштуудай удургушуп сезимдер,
Улагансыйт учкул ойдун кеңдигин.
Ушул таңды мен көңүлдүү узатып,
Ушул таңда ачтым ырдын кеңдигин!

## КЫЯЛЫМДА

Тоолордун жапызы бар, бийиги бар,
Мен ошол бийигине чыккым келет.
Түрмөктүү булуттардын арасынан,
Сайраган улар үнүн уккум келет.

Ойлонуп ыр жазганда ыкшым демеп,
Кыялдан кайык жасап түшкүм келет.
Ичине сүйгөнүмдү салып алып,
Ааламды чарк айланып чыккым келет.

Жолотпой капалыкты сүргүм келет,
Дайыма көңүл куунак жүргүм келет.
Пейилим жибип турган кезегинде,
Перинин кыздарынан сүйгүм келет.

Жабыкпай ачык, шайыр күлгүм келет,
Сырыңды айттырбастан билгим келет.
Үйүнө махабаттын эшик ачып,
Бир жолу өзүң менен киргим келет.

Оюмда сени жасап алгым келет,
От болуп түбөлүккө жангым келет.
Атымды сактап калар эмгек жазып,
Айтылып эл оозунда калгым келет.

# САРЫ-ЧЕЛЕК

Тоо арасы
Кереметтүү көрүнүш,
Жер сулуусу бизде.
Келип көрүңүз,
Көлдүн көркү,
Көз кумарын кандырып,
Көккө эргип,
Көтөрүлөт көөнүңүз.

Жердин аты
Көлдүн аты Сары-Челек.
Жээгин бойлоп
Дайым ойлоп барчу элек.
Күн баткыча
Кой короого кайткыча.
Балык уулап
Кайырмакты салчу элек.

Тоо тараптан
Шамал жүрсө эркелеп.
Толкуп көлүм
Тоо ичине көрк берет.
Күн чыкканча
Күкүк үнүн укканча,
Миң кубулуп
Миң түрлөнөт Сары-Челек.

Асман тунук
Андан дагы көл тунук.
Тамшанасың
Жээкте карап олтуруп.
Бир көргөн жан
Кубат алат миң күндүк.
Кызыгына
Кыял көнчин толтуруп.

Желе тартып
Жээгин бойлоп барчу элек.
Кээде кайтсак
Кээде түнөп калчу элек.
Жүрөгүмдөн орун алдың түбөлүк.
Көл сулуусу,
Жер сулуусу Сары-Челек!

## КОЛХОЗ БАГЫНДА

Ак-Суу деген айылга,
Барып калып жайында.
Багбан кызга жолуктум,
Калың колхоз багында.

Аппак халат кийгени,
Ачык-шайыр күлгөнү.
Күн нуруна чагылат,
Төшүндөгү ордени.

Басып келип жанына,
Ким экенин таанууга.
Аты-жөнүн сурадым,
Токтой калып кайрыла:

— Макул агай айтайын,
Атым элге дайдайын.
Бакчысымын колхоздун,
Бак өстүрдүм жыл сайын.

Мына өрүк-алмабыз,
Таттуусунан тандаңыз.
Сыйлабады кыздар деп,
Кийин арман кылбаңыз.

## СҮРДӨДҮМ

Мезгилдерден артта калып жүргөнүм,
Мен аябай эл алдында сүрдөдүм.
Бейпайдалуу иштер көпкө багынтып,
Бекер кетти ай кымбат жаштык күндөрүм!

Мен сүрдөдүм, эл алдында сүрдөдүм,
Көп жазалбай жакшы ырлардын түрмөгүн.
Алдын тосуп аркы кырдан көрүнсөм,
Ак боз атчан Алыкул деп жүрбөгүн!

* * *

Күр-шар этин биздин күндүн илеби,
Күчтүү согуш мезгилдерди терметет.
Элим үчүн эмне эмгек кыла алдым?
Ошону ойлоп бүткөн бойдон тер кетет.

* * *

Айбынды ачар сөз калбасын артында,
Акта жаным Ата Журттун намысын.
Калк алдында кабак чытпай жаркылда,
Душмандарың туюктукка кабылсын!

* * *

Жылоосу жок жылдар жылып агылып,
Балалык кез жигиттикке кабылып.
Андан ары турган сымак сагынып,
Көп кечикпей келет экен карылык.

* * *

Көркөмүңө көз талдырган карындаш,
Көп ичинде сендей сулуу табылбас.
Көкүрөгүм тынчып бир аз жай алсын,
Көп кыйнабай көз кысып кой жалын жаш.

Адам болбос жанын үрөп жалынбас,
Адам болбос кеп-сөзүнөн жаңылбас.
Чын сүйүүсүз жүрөк кылын терметкен,
Анда эки жаш бирин-бири сагынбас.

## КУПЛЕТТЕР

Сезимдердин тазасы сенде белем,
Көңүлдүн көркүн ачып жаркылдаган.
Сүрөттөп жазууга түк жетпейт чечем,
Күлкү бар жылажындай шыңкылдаган.

* * *

Жаныңдан алыс кетпей имерилем,
Сага мен тагдырымды кошкон өңдүү.
Көөдөндө жүрөгүмдү сага бергем,
Ага сен боло көрбө кош көңүлдүү.

* * *

Алоолонуп кең асман манат болуп,
Боенду сырдуу түскө күн батарда.
Түнөк издеп булбулдар шакка конуп,
Сайрап кирди безенип эл жатарда.

* * *

Неге мен кээде чөгүп капаланам,
Неге мен кээде туйлап туталанам?
Анткени жетчү жерге жеталбастан,
Ошого намыстанып, күйүп-жанам.

* * *

Неге мен кээде ойго чумуп калам,
Неге мен бир ордумда туруп калам?
Чыны ошол — күткөн максат орундалбай,
Көңүлүм которулбойт, тынбайт санам.

* * *

Жүрөгүмдү шаңданткан,
Сенин көркүң экен го.
Азабыңды мен тартып,
Какшап жүрүп өтөм го!

* * *

Талашпа менин бактымды,
Аны мен кан төгүп жеңип алгамын.
Тосом деп менин астымды,
Өзүңдүн жолуңду тосуп албагын.

* * *

Мен үчүн булбул куштун сайраганы,
Жүрөктүн кылын чертип кайраганы.
Асыл зат жан жыргатар кереметн,
Болбосо гүлгө булбул байыр алабы?!

* * *

Мендеги эргүүлөрдүн жайындысы,
Ыр болуп сезимдерге агылышат.
Кыйналып кээде бирок кыял чиркин,
Күтүүсүз тоскоолдорго кагылышат.

Күч менен толкундарды жирeп чыгып,
Өзүмдү мен айбаттуу сезем кайра.
Дем берип Алыкулдун кереметн,
Шыктантат көңүлүмдү алда кайда!

## ӨМҮРҮМДҮН КҮЗҮНДӨ

Тамылжыган нур барында жүзүңдө,
Далай таттуу үмүт болгон сезимде.
Бирок, ошол кымбат кезде өткөрүп,
Мен жолуктум өмүрүмдүн күзүндө.

Кызыл гүлдөй сен кулпурган кезиңде,
Кызык гүлдөй уялаган сезимге.
Бирок, минтип өкүнүчтө олтурам,
Кездешип мен өмүрүмдүн күзүндө.

* * *

Карегиң тартып турса арбап мени,
Өзүмдүн ким экеним билбей калам.
Көрсөм деп минут сайын дегдейм сени,
Сүйүүмдү токтотууга келбейт чамам.

Келемин жүрөк толо эңсөө менен,
Турмушта кыйын тура эңсөө деген.
Өзүңдүн мээримиңе бир канбасам,
Өмүрүм өтүп кетер коксоо менен!

## САПАРДА БАРАТЫП

Сапарга бирге аттанган курбулар,
Бармынбы, же жокмунбу санааңарда.
Неге мен бир жарк этип көрүнбөдүм,
Жүрсөм да аман-эсен араңарда.

Калемдеш, кадыр-барктуу о курбулар,
Кандайча мен жөнүндө ойдосуңар?
Марага жетпей минтип артта калды,
Сапарга бирге аттанган жолдошуңар!

Кобуңар көрүндүңөр көз алдыга,
Байгеден чыга келген күлүктөрдөй.
Бирок да лира кушу менден качат,
Белгисиз закымданган үмүттөрдөй.

Сапарга бирге чыккан ө курбулар,
Баарыңа чын жүрөктөн тилектешмин.
Намысым камчы үстүнө камчы бас дейт,
Бирок, да мен силерге кайдан жеттим?!

Антсе да ташыркаган күлүк менен,
Сапарлаш мен артыңдан жүрүп келем.
Ойлопткон күнү-түнү тынчтык бербей,
О чыны кыйын тура үмүт деген!

*Сооронбаев Анаш*

**МОЯ ПЕСНЯ**

Стихи

*(на киргизском языке)*

Фрунзе, издательство «Мектеп».

Для молодежи

Коомдук башталыштагы редактору Шакин Эсенкулов Басманын редактору Б. Т. Сартов. Сүрөтчүсү А. Ахметов. Сүрөт редактору К. Сейталиев. Техникалык редактор С. Нурмиева. Корректор М. Деркембаева.

ИБ—806

Терүүгө 20/I 1978-ж. берилди. Басууга 15/III 1978-ж. кол коюлду. № 1 типография кагазы. Кагаздын форматы 60×90 $^{1}/_{32}$. 1,875 физ. басма табак, 1,875 шарттуу басма табак, 1,87 учеттук басма табак. Д—08901. Заказ № 57. Тиражы 4000. Баасы 20 т.

720002, Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170, «Мектеп» басмасы.

720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү 102. Кыргыз ССР Министрлер Советинин басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.

20 т.